DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Баитова Ф.Т.*

# «МАНАС» ЭПОСУ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ИНСАНДЫК БААЛУУЛУКТАРЫН ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАГЫ

*Баитова Ф.Т.*

# ЭПОС «МАНАС» КАК ИСТОЧНИК ИССЛЕДОВАНИЯ ЛИЧНОСТНЫХ ЦЕННОСТЕЙ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

*F.T. Baitova*

# EPIC «MANAS» IS THE SOURCE OF THE STUDY THE VALUE OF KYRGYZ PEOPLE

*УДК: 379.8*

*Макалада Манас баатырдын образы аркылуу кыргыз эр жигитинин инсандык баалуулуктары ачыкталат. Эр жигитке таандык өрнөктүү сапаттар талдоого алынып, бирдиктүү инсандык баалуулуктардан турган компоненттер таризинде жыйынтыкталды. Эпосто идеалын сандардын образдары ар бир адамдын жашоосунда кездешкени үчүн «Манасты» угуучуларга ага бүткүл дитин жана көңүлүн бурууга түрткү берет. Алсак, «Манас» эпосунда Манас баатырдын өзү эң биринчи идеал инсан. Эпосто албетте, идеал эр жигит катары башкы каарман Манас жүрүм-туруму, турган турпаты, ой жүгүртүүсү, дүйнөгө болгон көз карашынын негизинде эң жогорку деңгээлде сыпатталат. Эр Манастын адамдык касиетинин нарктуулугунун маңызын түзгөн сапаттары – анын калыстыгы, адилдиги, мекенчилдиги, айкөлдүгү, сырттандыгы, жөн билгилиги жана адамгерчилиги сыяктуу көптөгөн өрнөк тутулуучу сапаттары аны кыргыз элинин чыныгы эр жигитинин идеалы экенинен кабар берет. Идеал инсандын элдик аң-сезимдеги орду жөнүндө окумуштуулардын олуттуу ойлору баалуу.*

***Негизги сөздөр:*** *«Манас» эпосу, идеал инсан, калыптандыруу, мекенчилдик, эр жигит, инсандык баалуулуктар, айкөл, компоненттер.*

*В данной статье через образ богатыря Манаса определены личностные ценности доброго молодца кыргызского народа. Проанализированы образцовые качества доброго молодца и обобщены в виде единичных личностно-ценностых компонентов. Идеальные образы отраженные в эпосе “Манас” встречаются в жизни людей и тем, кто является слушателем “Манаса” дают талчёк, ибо сказитель передает события всей душой и захватывает их внимание. Если вникнуть в содержание “Манаса” то в нем сам баатыр Манас является идеальной личностью. В эпосе сам баатыр Манас отражается в виде главного действующего лица – его поведение, его внешние данные, мышление, мировозрение, и все это показано в самом лучшем виде. Храбрость баатыра Манаса и его главные составляющие человеческие качества состоят – в его справедливости, патриотизме, великодушии, величии, поскании и человечности, а также и многие качества показывают, что он является настоящим добрым молодцем. Ценны мнения ученых о роли и место идеал личности Манаса в народном сознании.*

***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», идеал личности, формирование, патриотизм, добрый молодец, личностные ценности, великодушие, компоненты.*

*In this article, through the image of the Manas, the personal value of a good young man and summarized in the form of individual personality value components.Ideal images reflected in the epic “Manas” are found in the lives of people and those who are listeners of “Manas” are given a talk, for the narrator conveys events with his whole soul and captures their attention. If you delve into the content of “Manas”, then Baatyr Manas himself is an ideal person. In the epic, Baatyr Manas himself is reflected in the form of the main character - his behavior, his external data, thinking, worldview, and all this is shown in the best possible way. The courage of Baatyr Manas and his main components of human qualities are - in his justice, patriotism, generosity, majesty, pokane and humanity, as well as many qualities show that he is a real good young man. The opinions of scientists about the role and place of the ideal of the personality of Manas in the popular consciousness are valuable.*

***Key words:*** *epic "Manas", the ideal of personality, formation, patriotism, good fellow, personal values, generosity, components.*

Ар бир улуттун педагогикасында өзүнүн идеалын саны, өрнөк туткан адамынын бар болгону сыңары, кыргыздарда да ушул сыяктуу изгиликтерге ээ болгон идеалдуу инсандар жашап келет.

Нечендеген кылымдар бою кыргыз элинин мектебинин, окуу китебинин милдетин аткарып келген элдик оозеки чыгармаларда бул өрнөктүү инсандар мыктылыктын туу чокусуна жеткенинде алдар катары бааланып келген. Алсак кыргыз эли тилек кылганда: «Манастын эрдигин бер, Каныкейдин уздугун бер, Айчүрөктүн сулуулугун бер, Алмамбеттин акылын бер» - деп ак бата беришкен [5, 400-б.]. Бул батада «Манастын» каармандарынын баатырдык, айкөлдүк, уздук, сулуулук, акылдуулук сыяктуу сапаттарынан үлгү алып, ошолордой сый-урматка ээ болгон коомдун мыкты мүчөсү болууга умтулгандыгы байкалып турат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Орустун улуу педагогу К.Д. Ушинский айткандай: «Ар кандай улут ыр баштап, макал, жомокторунан азыркы роман, драмаларына чейин адам кандай болуш керектиги жөнүндөгү түшүнүктөрүн, ишенимдерин бекемдеп келет. Ошол идеалдуу адамды жан дүйнөсүнө жакын бардык сапаттар менен асылландырат. Ал аркылуу эл өзүн-өзү аңдоо даражасын, жакшы жана жаман насилии тууралуу көз караштарын, абийирин туйгузат. Ал улуттун өнүгүшүн коштоп, пейил мүнөзүнүн калыптанышына таасир этет» - деп жазган [14, 161-б.]. Дал ошол улуттук мүнөздүнк калыптанышына олуттуу тааасир эткен, мекенчил, идеалдуу инсандар галареясы «Манас» эпосунда берилген.

Эпосто идеал инсандардын образдары ар бир адамдын жашоосунда кездешкени үчүн «Манасты» угуучуларга ага бүткүл дитин жана көңүлүн буруууга түрткү берет. Алсак, «Манас» эпосунда Манас баатырдын өзү эң биринчи идеал инсан.

«Манас» эпосунда, албетте, идеал эр жигит катары башкы каарман Манастын образынын жүрүм-туруму, турган турпаты, ой жүгүртүүсү, дүйнөгө болгон көз карашынын негизинде эң жогорку деңгээлде сыпатталып берилет:

«Аты да Манас турбайбы,
Заты да Манас турбайбы.
Өзү да Манас турбайбы,
Сөзү да Манас турбайбы.
Манас болсо жолборсум,
Алманбет болсо жолдошум,
Корксом кудай урбайбы» [9, 112-б.].

Жогорудагы саптардан белгилүү болгондой эле, «Манас» деген сөздүн өзү идеалдаштырып берилет. «Манас» деген ысым эпосто «Айкөл Манас»:

1) «Ай» жана «көл» деген эки сөздөн куралган татаал сөз. Манастын жарыктыгы айдай, терeңдиги көлдөй деген мааниде колдонулган;

2) Тянь-Шань жактагы жердин аты;

3) Чоң көл, чалкар көл;

4) Кең пейил» (баатырдын эпитети) деп чечмеленип берилет [7, 296-б.].

Бул тууралуу окумуштуу А.Алимбеков «Манас» деген сөздүн адамга коюлуучу ысым гана эмес, байыркы мезгилдерде адамдын улуу, ыйык нарк дөөлөттөрүнүн синтези, адеп-ахлактык категория катары кабылданып келгенин таасын белгилейт [2, 59-б.].

Эр Манастын адамдык касиетинин нарктуулугунун маңызын түзгөн сапаттары – анын калыстыгы, адилдиги, мекенчилдиги, айкөлдүгү, сырттандыгы, жөн билгилиги жана адамгерчилиги сыяктуу көптөгөн өрнөк тутулуучу сапаттары анны кыргыз элинин чыныгы эр жигитинин идеалы экенинен кабар берет. Идеал инсандын элдик аң сезимдеги ордун Г.Н. Волков: «Ар бир элдин идеал адамы тууралуу түшүнүктөрү тарыхый шарттардын алдында өнүгүп келген. Элдин жашоо шартынын өзгөчөлүгү улуттук идеалда чагылдырылат. Мисалы «чыныгы жигит» башкырт, татар, Кавказ жана Орто Азия элдеринде өзүнүн ишмердүүлүгүнүн түрү, тарбия кодекси жана сылыктык ж.б. сапаттары менен орустардын «добрый молодец» түшүнүгүнөн кээ бир деңгээлде айырмаланат. Ал эми идеал инсандын негизги адамдык сапаттары баары бир бири-бирине жакын келет. Бардык элдерде акыл, ден соолук, мээнеткечтик, мекен сүйүүсү, чынчылдык, кайрат, ак көңүлдүк, кайрымдуулук, жөнөкөйлүк ж.б. жогору бааланат. Бардык элдердин жеке идеалынын негизги сапаты – улуттук белгиси эмес, жалпы адамзаттык башаттары» деп түшүндүрөт [4, 33-б.]. Мындан сырткары окумуштуу эл көпчүлүк нерсени өзүнүн эталондоруна жараша баалашарын белгилеп, чуваш жана адыг элинин идеал инсанын төмөндөгүчө түшүндүрөт: «… бүгүнкү күнгө чейин чуваш элинде «мыкты чуваш» деген сөз сакталып келет жана алардын түшүнүгүндөгү бардык улуттардагы жакшы адамга мүнөздөмө берүү үчүн колдонулат б.а. «чуваш» деген сөздүн өзү «адам» дегенге шайкеш келет. «Мыкты (жакшы, чыныгы) чуваш» – орус, татар, мордовалык, марициалдык, удмурт болобу, бул чуваш менен сүйлөшкөн жана анын «жакшы» деген түшүнүгүнө татыктуу адамдар болуп эсептелет» [4, 33-б.].


Ал эми «Манас» эпосундагы инсан идеалдары, өзгөчө Манастын «эр жигит идеалы» катары өсүп чоңоюсу жөнүндө Т. Ормонов өз оюн төмөндөгүчө ачыктайт: «Эпос даана педагогикалык мүнөзгө ээ. «Манаста» кыргыз элинин эң мыкты инсан идеалын калыптандыруу тилеги көрсөтүлгөн. Кыргыздар баланын толук жетилүүсүнө өзгөчө чоң маани беришет. «Манас» кыргыздардын гармониялуу идеал инсанын жандуу көрсөтөт. Ата-энелер бала-чактан баштап уулунун эмгекке болгон сүйүүсүн калыптандырууга аракет кылат: бала тогуз жашта мал кайтарат. Манас эмгек, ишмердүүлүк, күрөш аркылуу мыкты инсан катары калыптанат. Ошондой эле адамгерчилик сапат – Манаста өтө күчтүү. Себеби, Манас – адам баласындагы адамгерчиликтин эң сонун үлгүлөрүн, эң жакшы сапаттарын алып жүргөн ага татыктуу улуу инсан [13, 130 с.].

Эпосто Манас баатырдын идеалдуу сапаттары көптөгөн саптарда, түрдүү эпизоддордо ачык-айкын берилет. Аларды эпостогу башка каармандардын жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөр менен бирге жалпылай эр жигитке таандык өрнөктүү сапаттар менен чогуу талдоого алып, бирдиктүү дөөлөттөрдөн турган компоненттерге бөлүп карасак болот: мекенчилдик, баатырдык, ар намыстуулук, адилеттик, достук, акыл жана билим, эмгек, ата-энеге жана улууларга урмат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**(Схема 1).**




Манастын эң башкы касиети, кыргыз элинин эркиндиги, теңдиги, боштондугу үчүн күрөштөрдө, анны иш жүзүнө ашырууда көрүнөт. Чыгармада Манаска ак шумкар, шер, чыгаан, бек, сырттан, айкөл, эр ж.б. сыяктуу мүнөздөмөлөр берилет. Манасты мүнөздөөдөгү мындай эпитеттердин колдонулушу – идеал инсандын сапаттарындагы өзгөчөлүктөрдү көргөзөт. Алар баатырдын калыптануусундагы жана өнүгүүсүндөгү өркүндөө мүмкүнчүлүктөрүн ачып турат.

Манас эзелтен элдин аң-сезиминде чыныгы мекенчил патриот адамдын башкы идеалы катары бекем оруналган. Манас деген сөздү эшиткен адам ханс арайдын төрүндө олтуруп бийлик жүргүзгөн төбөл эмес, баарыдан мурда дээрлик бүт өмүрү ат үстүндө өтүп, кан-жанын элдин кызыкчылыгына багыштаган, анын эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө башын сайып, бөтөнчө баатырдык сапаттары менен айырмаланган чыныгы патриот көз алдыга тартылат. Этнопедаго гизилдөөчү А.Алимбеков таасын белгилегендей: «Эл Манастын инсанын кылымдык тажрыйбалардын негизинде калыптанган эң жогорку адеп-ахлактык чен-өлчөмдөр менен таразалайт. Башкача айтканда, Манас турум-турпаты менен кыргыз адамынын реалдуу да, идеалдуу да үлгүсү» [2, 60-б.].

Ал башкалардан өзүнүн баатырдык айбаты менен айырмаланат. Бирок, эл ичинде, үй-бүлөдө, чоролорунун арасында жөнөкөй гана бир киши, карапайым жана боорукер. Акыл айткан улууларды туу тутат. Аял затын урматтай билет. Чын дилден айтылган сынды терикпей угат. Чоролорго, өзүнөн кичүүлөргө ызаат менен мамиле кылат. Жан дүйнөсүн, баатырдык салтын ошолорго ыйгарууга далалат кылат. Манас ак көңүл, айкөл, душманына да ак көңүлү менен ишене берет. Анын бул касиети эпосто: «Суу ич десе, уу ичкен омбул-домбул эр ошол», - деп сүймөнчүлүк менен мүнөздөлөт. Манастын инсанындагы өрнөктүү сапаттарды санай берсе арбын. Ошентсе да, анын нарк-насилинин өзөгүн: «Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт», «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Ата баласы болбосоң да, эл баласы бол», - деген жогорку даражада өнүккөн атуулдук аң-сезим түзөт.

Манастын патриоттуулугу эли-жерин терең сүйгөндүгүндө, бүт өмүрүн элдин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө арнагандыгында эле эмес, анын башка элдерге, ал түгүл каршылашкан өлчөмдүү душмандарына жасаган мамилесинен да ачык сезилет. Деги эле адам баласын урматтоо, тең көрүү, өз элинин кызыкчылыгын башкалардын кызыкчылыгы менен тең кароо Манастын патриотизминин жалпы адамзаттык кырларын мүнөздөп турат. Элдик макалда: «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат», – деп тегин жерден айтылбаса керек. Кыргыз макалдарында «Эр жигиттин» моралдык кодекси эл ичинде эзелтен калыптанган төмөнкүдөй мерчемдер менен мүнөздөлөт: «Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат», «Жигитке бир сыр, жети кыр керек», «Элден безген эр эмес, жоодон качкан шер эмес», «Эр намыстын кулу», «Эрдин даңкын эмгек чыгарат».

Манас эр жигиттиктин маани-маңызын төмөндөгүчө аңдатат:

Жалпы турган ага-ини,  
Жалынсаң жаның калабы?  
Корксоң коюп салабы?  
Эркек козу туулуптур,  
Не жумушка туруптур?  
Эр азамат туулуптур,  
Не жумушка туруптур?  
Эркек козу болгондо  
Курмандыкка караткан  
Намыс үчүн жараткан! [8,113-114-бб.].

Ар бир эл мекенинде жашагандыгы жана анын гүлдөшү, келечеги үчүн эмгектенгендиги менен күчтүү жана бактылуу. Элдин аң-сезиминде Манас – алты уруу элдин каны эмес, жалпы кыргыз калкынын медери, таянар тоосу, душмандардан коргоор чеби. Манастын ысмы менен эл сыймыктанып, душмандары сестенип турат. «Чөптөй көп кытайдан» жүрөгү өлүпкалган Акбалта менен Жакып Жолойдун кордугуна чыдап, кыздарды, малды тартууга берип, амансоо калалык дешкенде Манас душманга багынгандан көрө өлүүнү артык көрөт:

Өлбөй тирүү жүргөндө  
Не мураска жетейин,  
Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн  
Курман болуп кетейин [8,132-б.].

Ага өз эли, өз жери кандай кымбат болсо, башка элдердин тагдыры да ошончолук маанилүү турат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



«Манас» эпосунда баатырдык, эр жүрөктүүлүк, кажыбас кайраттуулук, эрктүүлүк сыяктуу этикалык-нравалык принциптер биригип, дагы бир этикалык түшүнүктөрдүн бири болгон намыс түшүнүгү менен жалгашат. Намыс – бул адамдын коомдо өзүн-өзү туура, адемгерчиликтүү алып жүрүү сезими, өзүнүн абийири, арын, милдетин сезүү сапаты. Биринчи жагынан коомдун ар бир мүчөсүнүн жаш курагы, социалдык абалы боюнча өз-өз жолу менен наркталса, ал эми экинчи жагынан жеке адамдын намысы, үй-бүлөнүн намысы, урук, уруунун намысы биригип, жалпы эл намысына алып келген. Эл намысы анын нарктуулугунун зарыл көрсөткүчү болгондуктан, эл биримдигин бузууга, Ата журтун, ата конушун баскынчылык менен ээлеп алууга багытталган кызыл кыргындуу, сары сүргүндүү, кан суудай аккан нечендеген уруш менен согуштарда жеке адамдын намысы, үй-бүлөнүн намысы, урук-уруунун намысы бир гана эл намысы деген наркка келип тогошкон. «Бул көчмөн коомдогу нравалык нарктуулуктун өзгөчө иерархиялуу жолу болгон. Эгерде жогорудагы аты аталган нарктын бирөө эле бузулса, анда жалпы эл наркына доо кеткен» [1, 29-б.].

Манас – эл-жер намысы үчүн жаралган баатыр, аны тебелетип тепсетип, андан ажырагандан көрө, өлүмдү артык көрөт. Душмандарынын ата-бабалары мекендеген Ата журтун ээлеп алышы, Манастын намысына катуу тиет. Жаш болсо да, хан болгон Манас Алтайдагы коңшулаш, канатташ элдер менен урууларды чогултуп:

«Намысты кыргыз самайбы,
Ынтызар болдум алууга,
Испара менен Алайды.
Алдырып коюп кытайга,
Намысың жоктоп жүрүпсүң» – [7, 151-б.]

деп эркиндик менен эл намысын бирдикте карап, эл менен жерди алдырып эрксексинип, ат минип жүргөнчө, тирүү жүрбөй өлгөнүбүз жакшы дейт.

Эпосто Манаска гана тиешелүү баатырдык деген түшүнүк негизинен карандай күчтүүлүктү, ажыдаардай сүрдүүлүктү, арстандай айбаттуулукту, кабыландай каардуулукту идеалдаштырылган мааниде берилет. Баатырдык адамдын сырткы турган-турпаты, тулку бою, кебете-кешпири, сыпаты гана эмес, ал алды менен ички сыры, рухий жан дүйнөсү, ишеними, руханий кудурет күчү менен айкалышып тургандыгында. Манас – кара кылды как жарган калыс. Ал хандыкты ата-бабаларынан мурас катары же башкалардай төрт түлүк малынын көптүгүнө, дүйнө-мүлкүнө, байлыгына, кара күчүнө салып тартып албайт.

Адилеттик – Манастын эң асыл жана нарктуу сапаты. Анын бул сапаты сөөк өчтү душмандарына жасаган мамилесинен да көрүнөт. Мисалы Текес ханды жеңгенде анын дүйнө мүлкүн, төрт түлүк малын, ал тургай үй оокатын талап тоноого кам урушкан кошуунундагы айрым бир алдым-жуттумдарга, алкы бузуктарга жана ачкөздөргө Манас:

«Албаңар жырык ийнесин,
Не кыласын калмактын
Эзелтен жыйган дүйнөсүн,
Кош-кошко союш алыңар,
Баарын коюп салыңар» [12, 44-б.] - деп жар чакыртат.

Кыргыз үй-бүлөсүндөгү муунду улантуучу туяктын маанилүүлүгү баланын мекенге өтөгөн патриоттук кызматы, сүйүүсү менен байланыштуу каралаары жогоруда белгиленгендей, кыргыздарда элдин коргоочусу, баатыры, куткаруучусу катары эркек баланын төрөлүшүн күтүшкөн. Алсак, эпосто Кошой Каныкейге төмөндөгүчө бата берет:

«Тилекти берсе бир алда,
Туулса мындан бир бала,
Ургаачы болбой, эр болсун,
Аюу болбой, шер болсун!
Атышканын алсын деп,
Күрөшкөнүн чалсын деп,
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Өзүнөн пенде өтпөгөн,
Тулаңдуу жерди тутантып,
Туулгандын баарын кубантып,
Кара сууга кан куюп,
Кайратын калк – эл туюп,
Суу ордуна кан төгүп,
Катылышкан душманын,
Өгөөлөсүн темирдей» [10, 214-б.].

Демек, эр жигиттин эң негизги сапаттары жөнүндө, б.а. мекенинин тиреги, элдин баатыры болуусу керек экени тууралуу талаптар бала жарык дүйнөгө келе электе коюлган. Кыргыз элинде «Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи», «Баатыр үйдө туулат, жоодо өлөт», «Жоодо өлгөн салтанат, үйдөн өлгөн жаман ат» деп айтылган сыңары, кыргыз атуулунун турпаты баатырдык намыскөйлүктүн жогорку чектери менен өлчөнүп, бааланат. Мына ошондуктан, Манастын адептик философиясына өзүнүн керт башынын гана камын ойлоо, элдин тагдырына болгон кайдыгерлик жат көрүнүш. «Ата-журту бар адам – бактылуу, Ата Мекени бар эл – улуу» деген макалдын маани маңызы айтып тургандай, улуулугун бийик тутуп, жанынан кечүү ар бир эр жигиттин милдети катары каралган. Манас бала кезинде эле мекени үчүн намысын бек тутуп, «кыргыз» ысымын жерге түшүрбөөгө аракет жасаган. Эпосто Манас улуу кол жыйнап Алтайдан Ала-Тоону көздөй аттанаарда баатырларды жыйнап ата-бабасын өз жеринен айдап чыккан кытайларды тойбос ач бөрүлөргө салыштырып, аларга моюн сунуп жата бергичекти, өз жери үчүн бек туруп согушуу керек экенин айтып мындай дейт:

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



«Энеден не деп тубамын,
Эрлердин жолун кууамын.
Эзелки жерим албасам,
Эс алып кантип сууамын?!
Ак асаба, кызыл туу
Аягын жерге, сайбасам,
Асабасын жайбасам,
Атым өчүп калбайбы,
Атамдан калган Ала-тоо
Алтайдан калбай албасам?!» [7, 88-89-бб.].

Кыргыз элинин көп жылдык тажрыйбаларынын жана турмуштук корутундуларынан келип чыккан «Мекенден айрылганча өмүрдөн айрыл», «Мекендин бактысы өмүрдөн кымбат» деген макалдардын маани маңызы да ушул пикирди даңазалайт.

Демек эр жигиттин касиетин аныктаган дагы бир белги – анын достуктубаалай билүүсү, жанындагы жолдошуна ишенимдүү дос, таянаар жөлөгү боло билүү. Кыргызда «Ишенимдүү дос – түбөлүк дос», «Досуң чын дилинен берилген дос болсо, анда дүйнөдө эч кандай коркунучуң жок», «Мыкты дос – тууганда артык», «Достукту кылыч менен кыя чабууга болбойт», «Достун келиши – майрам», «Жакшы дос жамандыкта билинет» деген макалдар өкүм сүрүп келет. «Манас» эпосундагы чыныгы достук мамилелер көптөгөн эпизоддордо чагылдырылат. Мисалы, Көзкаман менен Көкчөкөз Манаска уу ичирип өлтүрөбүз деп турганда, чоролорунун бири баатыр Акаяр өзү жалгыз калганына карабастан, Манастын ууландырылып жатып калганына көөнү чыдабай, алптар менен салгылашып кирип Манасты алып чыгат. Чындыгында, «Дос, доско жаныңды кош», «Достун каны башка, жаны бир», «Досу жок жетимден да жаман» деген макалдар тастыктап турган сыңары, кыргызда достук мамилелер бир туугандыкка тең болуп бааландыктан, достордун чыккынчылыгы жеткен адепсиздик жана наадандык болуп эсептелет. Манас кырк чоро менен биргелешип Көзкаман менен Көкчөкөздү жеңгенде анын бар байлыгынын баары достук экенин төмөндөгүчө билдирет:

«Өзүндөй эрлер, уялаш,
Мага өлүмгө орток тууганым.
Пейили сүттөй берендер,
Менин белиме медер кылганым.» [7, 294-б.].

«Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» деп эл ичинде дээрлик күналыс айтылып келген сыңары, эр жигиттин идеал инсан катары бааланыусу үчүн ага мекенчилдик сезими менен гана жашоо аздык кылат, себеби көп өнөрлүү болуу бакубат жашоого, чыгармачылыкты өнүктүрүүгө, акылдуу, адептүү болууга жатыктырат.

Бала туруп бири бирине караан болуп, бир табактан аш жеп, эмгегин да жолдоштору менен бирге жасаган Манаста ошол кезде эле жакын адамдарына кам көрүү, алардын бейпилдигине жоопту болуу сезими жаралган экен. Жаштайынан коомдук адепти бийик туткан баатыр Көзкамандар келгенде да алардын арам оюн байкабай, туугандык мамилелерине таазим кылып, аларды чын дили менен кош колдоп тосуп алат.

Манас баатырдын өз эл-жерин боштондукка чыгаруу үчүн болгон күрөшү, ал түзгөн мамлекеттин кадыр-баркы убагында аскердик-согуштук күч-кубат патриоттук философия менен гана коштолбостон, көрүнүп тургандай, өркөнү өскөн өнөр-билим менен да коштолгон. Өнөр-билимсиз кыргыз жамааты жеңишке жетише албайт эле. Бул элдик педагогиканын акыл менен тыкыр ойлонуштурулган сабактарынын бири. Анткени акылдуулук, билимдүүлүк адептик категория, башкача айтканда адамдын адеп маданияты, анын акыл, билиминин туундусу катары каралат. Муну төмөнкү макалдар даана туюндурат: «Акылдуу бала – элпек, акылсыз бала – тентек», «Акылы жок бала жүгөнү жок атка окшош», «Акындын көркү – акыл», «Билимдүү киши айнектей, билимсиз киши тумандай», «Жердин көркү – эгин, элдин көркү – билим».

Эпостун текстинин өзүндө Манастын кат сабаттуулугун күбөлөгөн фактылар да ачык айкын көрүнүп турат. Бирок, бул жагдай изилдөөчүлөр тарабынан ар дайым көңүлгө алынбай келген. Алсак, айтылуу хан Көкөтөйдүн ашын берердин алдында «кабарды кандай кылабыз, калкты кандай жыябыз?» - деп кыргыздар өздөрүнчө кеңеш курушканда Байдын уулу Баймырза билерман:

Чакырып ашка калалык,
Чактап кабар салалык,
Бир чакырсак билимдүү,
Падышалык илимдүү,

Манасты гана алалык – деп акыл салат. Бул жерде кең Таласта кыргызга ажо (падыша) болуп турган шер Манастын билимдүүлүгү, илимдүүлүгү атайы белгиленип отурат. Манас баатырды полиглот, билимдүү, чечен, дипломат Ажыбай, төлгөчү Кара - төлөк, далы көрүүчү Агыдай, караңгыда жол жүрсө, карсактын изинен жаңылбас Шууту, башында бөркү чоктуу кул, айтар оозу шоктуу кул ырчы уул, жайчы Алманбет, Агыш, Көгүш сыяктуу аярлар жана башка өнөрлүүлөр коштоп жүрөт.

Жалпылап айтканда жигиттик – жетик акыл, ак дил, тунук сезим, тең караган калыстык, сылыктык, кичи пейилдик, кайраттуулук, шайырдык, шайдооттук. Аны дайыма эл мүдөөсү жетектейт. Ал өмүрүн, эмгегин, эрдигин, эл-журт тагдырына анын келечек бактысына багыштайт [2, 62-б.]. Чындыгында, идеал эр жигиттин сырткы турпаты менен анын ички жан дүйнөсү, адеби, ар намысы, уяты, акылы жана зээни менен шайкеш келгенде гана өрнөктүү деп айтууга

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



татыктуу болот. Манаска тиешелүү өрнөктүү сапаттарды санай берсек арбын. Макалада анын эң мыкты деген сапаттарын бирдиктүү дөөлөттөрдүн компоненти катары жыйынтыктадык.

**Адабияттар:**


1. Акматов К.К.Окуучулардын адеп-ахлактык түшүнүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары (Адеп жана кыргыз адабияты сабактарынын мисалында) канд. дисс. Кыргыз Билим Берүү Академиясы, И.Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университети. - Б., 2011, - 29-б.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы: I бөлүк. - Б.: 1996. - 59-б.
3. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. Республикалык мугалимдик адис берүүчү жогорку, орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. - Б.: «Педагогика». 2001. - 44-б.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учебник для студентов средних и высших педагогических учебных заведений. - М.: «Академия», 1999. - 33 с.
5. Каада-салттар, ак баталар / А. Акматаливдин жалпы редакциясында: КУИА ж.б.- Б: «Шам», 2003. - 400-б. (Эл адабияты).
6. Максүтөв Б. Айкөл Манас баяны. 2-китеп. 2-бас. - Б.: «Бийиктик». - 2004. - 192-б.
7. Манас. Биринчи бөлүк. I китеп. - Ф.: Кыргызмамбас. - 1958.
8. «Манас»: С. Каралаевдин вариантында / Түзгөн А.Жайнакова, А.Акматалиев. - Бишкек: Турар, 2010. – 132 б.
9. «Манас» эпосу Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. IV-к. Ф.: «Кыргызстан», 1982, - 112 б.
10. . «Манас» эпосу Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. III-к. Ф.: «Кыргызстан», 1981, - 214 б.
11. «Манас» эпосу Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I-к. Ф.: «Кыргызстан», 1978, - 229 б.
12. «Манас» эпосу Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. II-к. Ф.: «Кыргызстан», 1980, - 44 б.
13. Ормонов Т. Педагогическая пансофия киргизского народа [Текст] / Т.Ормонов // Советская педагогика. - 1978. - №1. -130с.
14. Ушинский К.Д. О народности в общественном воспитании. Собрание сочинений [Текст] / К.Д. Ушинский. - М.-Л., 1988. - Т.2. 161 с.


**Рецензент: к.пед.н.., доцент Даминова И.**